***Ч.К. Абдыкалыкова***

# Кыргыз профессионал адабиятындагы эскерме, баян жанрынын өзгөчөлүктөрү

Мемуардык – автобиографиялык проза кыргыз адабиятында калыптанып калган жанрлардан болуп саналат. М. Элебаевдин «Узак жолунан» тартып, К.Маликовдун «Замандаштарым жана каламдаштарым», А.Токомбаевдин «Автобиографиялык фрагменттери», «Алыкулга гүлдесте» эскерүү жыйнагы, Ч.Айматовдун «Манас атанын ак кар, көк музу» эскерүүсү К.Маликовдун, Т.Үмүталиевдин «Ала-Тоо» журналына жарыяланган эскерүүлөрү, Т.Сыдыкбековдун «Жол», «Белбелес» эскерме-эссе автобиографиялык романы, эскерүүлөрү, З.Бектеновдун «Замандаштарым жөнүндө эскерүүсү», Ш.Бейшеналиевдин эскерүүлөрү сыяктуу жана башка мемуардык автобиографиялык жанрга кирген бир топ чыгармалар бүгүнкү күнгө чейин жарык көрдү. Албетте, булардын эскерме-макала түрүндө жазылгандары өзүнчө каралыш керек. Ар биринин ички биримдиги да, айырмачылыктары бар.[1]

Бирок, кыргыз адабият таануусунда ушул кезге чейин бул маселе бузулбаган «дың» бойдон калууда. Жанрдын пайда болуш шарттары, калыптануусу, өнүгүш тенденциялары, ички өзгөчөлүктөрү деген сыяктуу маселелер дагы эле болсо кол тийбестен калууда. Ал эми автобиографиялык чыгармалар, эскермелер орус, ал тургай тектеш казак, өзбек адабият таануусунда жеткире изилдегендигин эле көрүүгө болот.

Эскерүүлөрдүн көркөм адабияттан айырмачылыгы турмуштун өзүндөй болбосо да бир кезде болгон окуяны, тиричилик көрүнүштөрүн ишенимдүү, жеткиликтүү бергендиги менен айырмаланат. Ушул сапатты да Л.Я.Гинзбург «… установка на подлинность, оүүүение которой не покидает читателя, но которая далеко не всегда равна фактической точность, фактические отклонения притом, во все не отменяют на установку на подлинность как структурный принцип, ни из него вытекаюшие особые познавательные и эмоциональные возможности » деп баса көрсөткөн.

Эскерүүдө окуянын аныгына жетүү, аны турмушта чын эле болуп өткөндүгүнө ишендирүүнүн бир жолу өз көзү менен көргөн күбө катары өтөт. Бул сапат адабият таанууда «автодокументалистика» деп аталат да, эскерүүдө баяндалган окуялар автордун башынан өткөргөн, тикеден тике катыш жасаган, кайсы бир даражада өз тагдыры, эртеңки өмүр жолу чечилишине себепчи болгон окуялар катары кабыл алынат.

Атайылап баса белгилей кетчү бир жагдай: эскерүүлөрдө автор сөзсүз түрдө чындыгында көргөн, билгени кандай болсо, ошонун баарын эч жерин бузбай активдүү карайт деп тыянак чыгарбоо керек. Мында автор өзү каалаган гана материалдарды тандап алат, өзү каалаган ресурстан сүрөттөйт, өзү каалагандай мүнөздөмө берет, бирок, бул өзүнчө мааниге ээ эмес. Себеби, чыгарманын негизги максаты эскерүү аркылуу эскерилип жаткан адамга байланыштуу окуяларды, түрдүү кырдаалдарды сүрөттөө болуп саналат. Мындай эскерүүдө автор белгилүү инсан менен болгон жолугушуунун эч бир деталын калтырбай так, таамай эске түшүрүүгө, анын айткан сөздөрүн, ойлорун, пикирлерин бузбай өзүндөй кылып таамай айтып берүүгө умтулат.

Мындай эскерүүдө автор «көлөкөдө» калат. Сүрөттөлүп жаткан адам жөнүндө концепция жаратуу, окуяны интерпретациялоо, талдоо анын негизги милдетине да кирбейт. Ошондуктан андан баарын талап эте бериш ашыкча. Автор өзүнө гана керектүү учурларга көңүл буруп, ошолорду кагазга түшүрүп калууга аракет жасайт. Өзүнүн көздөгөн мүдөөсү, аткарчу милдети кайсы экендигине байланат. Ушул жерде башка адабиятчылардын айткандарына да көңүл бура кетсек ашыкча болбойт. В.С.Барахов адабий портрети минтип мүнөздөйт «Запавшие в память наблюдения и впечатления служат для портретистов материалом, с помоүью которого они путем түательного отбора деталей воссоздают образы современников. Но используя так называемые личные воспоминания, они стремятся к обобүению к тому, чтобы нарисовать законченные портреты».

Адабий портретте автор, албетте, өз деңгээлине жараша, замандашынын жандуу образын жаратууга эле аракет кылбастан, анын турмуш-тагдыры, көркөм чыгармаларынын

өзгөчөлүгү, көркөм сөз дүйнөсүнөн ээлей турган орду, башкаларга тийгизген таасири жөнүндө кеңири сөз козгойт. Мында автор өзү көргөн, күбө болгон фактылар менен эле чектелбейт. Адабий портретте жанрдык бөтөнчөлүгүнө ылайык автор субңектүүлүккө жол бербейт, бирок, адабий портретте ал өзү жөнүндө эмес, сөз кылып жаткан инсандын портретин тартуу, анын адамдык жүзүн ачып көрсөтүү, чыгырмачылык тагдырын кеңири сүрөттөө анын негизги максаты.

Окурмандарга белгилүү болсо керек. Тоголок Молдо жөнүндө Ш.Бейшеналивдин «Болот калем» аттуу романы жазылды. Акындын ырлары, поэмалары, тамсилдери көтөргөн илимий изилдөөлөрдүн обңекти болду, кыргыз адабиятынан өз ордун ээледи, тарыхта жазгыч акын катары калды. Бирок, көпчүлүк окурман журтчулугуна Ш.Бейшеналиев өзүнчө турган көркөм образ аркылуу жеткирүүгө аракет жасады. Акын жөнүндөгү изилдөө - макалаларда чыгармаларынын поэтикасы, мазмуну, формалык жактан жаңылыгы, айрыкча кошок жанрын мазмундук жактан дагы тереңдетип иштеп чыккандыгы жөнүндө кеңири жазылды. Анткен менен, романдан да, изилдөө макалалардан да Тоголок Молдо жөнүндө «Жылаңач Чындыкты» табуу кыйын. Ал эми мындай чындыкты аны киши катары жакындан билген бирөөгө гана айтып бере алмак…

Ушул жагдайдан алып караганда К.Маликовдун «Чоң Адам жөнүндө кичине сөздөр» аттуу макаласы өзгөчө орунда турат. Анда автор бала кезинде өзүнүн кыялында улуу акынды кандай элестетип жүргөнүн мындай жазат: «Менин кыял жүгүртүүм боюнча «Насыяттын» шайман турпаты келишкен жакшы ат минип, калың топту жара бастырып ээрге обдула олтуруп, кезек - кезек менен камчысын салып, оозунан сөз бороонун каптатып ырдап келе жаткан үнү бийик, бою бийик шаңдуу ырчы, эчен курдай курчалып отурган калың топтун ортосунда күрмөсүнүн сол жеңин солбуп ыргытып, оң жеңин дагы каруусуна чейин түрүп жиберип, өрүк комузду жан алакетке салып, булбулдун добушунан кем соктурбай шаңкылдата сайратып, анан кийин уккан кишинин жүрөгүн элжирете үн кошуп, жок дегенде коңур үн менен калдайган топту токтотуп отурган киши».

Ырлары жамы журтка кеңири тараган акынды башкача элестетүүгө болбойт эле, себеби мурда көрбөсө, билбесе, же билген бирөөлөрдөн укпаса, башкача болушу да мүмкүн эмес да. Жалаң эле К.Маликов эмес, ошол кездеги миңдеген окурмандар өзүнүн сүйүктүү акынын кыялында ошентип элестетип, анын идеалдуу портретин жаратып аларын, мүнөзүн да өзү калагандай идеалдаштырып түзүүгө жетишерин келтирилген мисалдан эле сезе билсек болот. Бирок, жолугушууда кыял менен реалдуулук теңирден тескери чыкса да эскерүүчүнүн көңүлү калып, эскерилип жаткан киши жөнүндө тескери пикир пайда болот. Себеп дегенде, аны менен таанышып, адам катары жакындан билүүдө улам жаңы сапаттары ачыла берет.

К.Маликов өзү Тоголок Молдону алгач анын Тоголок Молдо экенин билбей боолголоп барып тааныйт. Эл куудулу Куйручук тургандардын көңүлүн ачып, күлдүрүп жаткан жерден, элдин арасынан боолголоп таанып, Куйручуктун жанында олтурган Тоголок Молдону мындайча сүрөттөйт:

«Анын кашында түрмөгү сырттыктардыкындай чоң келген төбөсү кууш кара көрпө тебетей кийген, боз чыт чепкенчен, жашы далайга барып калган сакалынын карасынан агы көп, тыгырчыгынан келген кичинекей кара киши олтурат».

Айкын эле көрүнүп турбайбы, Тоголок Молдону автор эч кандай жеке субңективизмге берилбей, көтөрө чалбай, кооз сүртүмдөр менен шөкөттөбөй кандай көрсө ошол турушунда тартып берүүгө аракет кылган. Ошол алгачкы жолугушуусунда автор Тоголок Молдону эл сүймөнчүлүгү болгон атактуу куудул Куйручуктун жанынан көзгө түшүрөт. Топтошкон элдин көңүлүн көтөрүп, куудул, куйкум сөздөрүн эле тартуулап, зоболосу бийиктеп турган Куйручуктун фонунда Тоголок Молдо жок болуп кетпейт, анын көлөкөсүндө калбайт. Тескерисинче, Куйручуктун тийишип, тамашалап, шакаба чеккенине Т.Молдо «Аа-ай-ай Молдокудайберген… Сабыр кыл Молдокудайберген!... Эл деген казына эмеспи.. элдин сөзү сага да жетет, мага да жетет… Сенин деле кагаз бетине толуп түшө турган толуп жаткан сөздөрүң бар. Андан көрө алтындай сөзүңдү аябай балдарга айтып бер… » деп өзүнүн нускалуу салабатынан жазбайт.

К.Маликов алгачкы жолугушуусунда Тоголок Молдо менен таанышып, баарлашып сүйлөшпөй болгону өзүнүн сырттан байкагандарын ортого салып, так, таамай эске түшүрүүгө

аракеттенген. Тоголок Молдого атайын токтолуп мүнөздөмө бербестен сөз арасында «Мүнөзү өтө жоош…» деп айтып кетет. Улуу акындын мүнөзү жоош экендигин К.Маликов экөө анын чыгармаларын жарыялоого даярдап жаткан жеринен айкын көрүнөт. К.Маликов:

«-Молдоке, жер жөнүндө деп койгонубуз өтө сопол болуп жүрбөсүн?

-Анда кантебиз?

-«Жер жана анын балдары » деп койсок кантет?

- Ээ, болуптур балам, жер болгондон кийин анын балдары да бар чыгар.

Мына ошентип өз колуң менен жазып кой».

Көпчүлүк чыгармачыл инсандар өз оюн, өз беттегенин оңой менен бербейт, ал эми чыгырмасынын атын өзгөртүү бул жөнөкөй эле иш эмес, аларды макулдатуу ишендирүү кыйын. Жогорудагы диалогдон көрүнгөндөй Тоголок Молдо болсо К. Маликовдун бир ооз сөзү менен ырынын атын өзгөртүп жатпайбы. Бул бир жагынан, өзүнө сын көз менен карап, жүйөөлүү сунушту туура кабыл алып, аны орундуу көрөт.

К.Маликов Тоголок Молдо менен сыр чечишип сүйлөшүп, узун сабак аңгеме курбаганы эскерүүсүнөн ачык байкалат. Болгону бир – эки жолугушуудагы ушул үзүл-кесил диалогдор аркылуу улуу акындын мүнөзүн ачып берүүгө аракет кылган. Мунун да себеби бар анткени, мурда тааныш болбогондон кийин, жаш балага Тоголок Молдо чечилип сүйлөп, баарлашпаган чыгаар. Ошол үчүн эскерүүсүндө К.Маликов кайсы бир деңгээлде жалпы да сөзгө берилип кеткендей. Жогорудагы өзү маңдай – тескей отуруп сүйлөшкөн сөздөрүнөн Тоголок Молдонун мүнөзү, көз карашы көрүнүп турат. Ал эми эскерүүсүнүн экинчи бөлүгүндөгү акындын юбилейине байланыштуу жерлерде К.Маликов кантсе да жалпы сөзгө берилип, үстүрт баяндоолорго көбүрөөк ооп кеткени ачык эле көзгө урунат. Бул өзгөчө диалогдордон ашкере байкалат. Ошентсе да К.Маликов улуу акындын жөнөкөйлүгүн, карапайымдыгын, өзүн нускалуу алып жүрүп, аз сүйлөп, көп иштегендигин айкын көрсөтө алган. Эмгек ушул сапат менен жалпы окурман журтчулугуна да, акындын чыгармачылыгынын изилдөөчүлөргө да пайда келтирет. Ушунусу менен баалуу экендигин эске алышыбыз керек.

К.Маликовдун эскерүүлөрүнүн ичинен өзү бирге окуп, бирге жүргөн акын-жазуучу курбулары М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков ж.б. жөнүндөгү жазгандары өзгөчө орунда турат. Алардын ар бирине атайлап көңүл буруп, конкрет токтолуп өтсөк жарашат. М.Элебаев жөнүндөгү «Мукай ага» аттуу эскерүүсүн окуганыбызда 20-жылдардагы тарыхый мезгил көз алдыбызга тартылат. Автор жөн эле Элебаев жөнүндө жазбастан, ошол кездеги өзү күбө болгон түрдүү шарт, түрдүү маданий көрүнүштөрдү кошо эскерет. Совет бийлиги тоолуу жергебизде жаңы орноп, көчмөн эл жаңыдан отурукташып, элдин сабатын ачуу боюнча уюштуруу иштеринин жүргүзүлүшү жөнүндө кызыктуу окуяларды эскерет. Бул тарыхый мезгил, кыргыз элинин тагдырындагы чоң бурулуш болгон Улуу октябрь революциясынан кийинки 20-жылдардагы окуялар негизинен көркөм адабиятта чагылдырылып, көркөм образдар катары киргизилген каармандар аркылуу гана билип келсек, К.Маликов ошол тарыхый окуялардын катышычуусу катары «Көшөгөнүн артындагы » окуялар менен көрүнүштөрдү эскерип, ошол мезгил жөнүндө кызыктуу, керектүү маалыматтарды берген.

1916-жылдан тартып, революция алдында өткөн күндөр, революциядан кийинки күндөр коллективдештирүү мезгили, согуштун алдындагы жылдарды аңгеме, повесттеринде терең чагылдырып, жаңы доордун идеяларын ырларында жаркын образдар аркылуу жеткирген, туундулардын автору Мукай Элебаевдин пенделик сапаттары, чыгармачылык шык – жөндөмү жөнүндө К.Маликов анын бирге жүргөн жолдошу катары көп окуяларды эскерет. Бул эскерүүлөрдөн окурмандар кыргыз адабиятынын биринчи профессионал реалист прозачысы М.Элебаевдин өмүрү жөнүндө көп пайдалуу маалыматтарды ала алат.

«Зарыгамы» менен 20-жылдары кыргыз журтчулугуна кеңири таанылып, атагы алыска кеткен М.Элебаев агасын К.Маликов ушул белгилүү ыры аркылуу билип, ал ырдын ошол кезде аткарган чоң ролун, ачып көрсөтүү менен, билимге суусаган кыргыз жаштарынын абалын акын ушул ырында жеткире бере алгандыгын азыркы эскерүүсүндө дагы бир жолу далилдеп жатат. Бир жагынан, бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, окууга бардык шарттар жаралып, жол ачылып жатса, дагы кандай проблема болду экен деген суроо аргасыздан жаралат.

Көрсө, окууга жол ачылганы менен карандай көр-тириликтин, материалдык каатчылыктын, билиминин жармачтыгынын айынан миңдеген кыргыз жаштары элдин жону жука болуп, каатчылык каптап турган ошол жыйырманчы жылдары окуу десе эки көзү төрт болгону менен, азыр айтылып жаткан себептерден улам эч жакка чыга албай  көзүн жалдыратып кала берген учурлары көп эле болгон экен. Андай мүмкүнчүлүктү дале болсо колуна бар байлардын, мурда аткаминер болуп жүргөн котормочулардын балдары кете берчү экен. Ал жөнүндө К.Маликов минтип жазат: «Кээде окууга чыгым кагаз (разверстка) алса да, түп шаарларга барып окушка билим жагынан даярдыгы жок болуп, өксүткөндөр да аз болгон эмес. Андай учурларда дагы эле батрак-кедейлердин балдарынан көрө, баштадан көбүрөөк окуп алган, алыска чоң окутууга билими бар, аттуу, тондуу бай – кедейлердин балдары үчүн «Зарыгам» кыргыз жаштарынын жалпы ырына айланып кеткен ».

Мукай ошол кездеги үгүт – насыят иштеринен же саясаттан улам эмес, өзүнүн баш – оту менен таптык күрөш жолуна түшүп, эзүүчү таптын өкүлдөрү менен жан аябай күрөшкөнү эскерүүдөн анык көрүнөт. Ушуга байланыштуу К.Маликов «Ошол абал белгилүү болгондон кийин  1927-30-жылдары атайын тазалоо жүргүзүлүп, Фрунзедеги Педтехникумдан бай-манаптардын жашырынып окуп жүргөн балдарынан 17си бир жолу кубаланган» деген фактыны келтирет. Андан ары «Бай балдары» деген Мукайдын ырынын жаралыш тарыхын баяндап, анын биринчи аталышы «Жоголсун жашырынган бай балдары!» деп аталгандыгын, ырдын кандайча пайда болгондугун минтип эскертет: «Акын 1927-жылы жайкы  дем алышка Ысык-Көл жээгине барат. Барганда да өзү менен бирге окуган курсташ жигиттердин үйлөрүндө болот.  Алар канчалык кысынып – кымырынса да, алардын кайсы бирөөлөрүнүн турмушунан Мукай чоң байдын балдары экенин билип коет. Мен ошол жайы бирөөлөрдүн турмушунан жайлоолоп бара турган жерим жок «Кызыл Кыргызстан» редакциясында көчүргүч (переписчик) болуп иштеп турам. Жаңылбасам 1927- жылдын июль айы болсо керек, Мукайдын «Жоголсун жашырынган бай балдары» деген ыры редакцияга келип түштү».

Ырдын жаралышы боюнча К.Маликов өзү күбө болгон фактыны агынан жарылып баяндайт, жогоруда белгиленгендей советтик мектептерде, окуу жайларда кедейлердин эсебинен окуп, жашырынып жүргөн бай балдарын «Тазалоо» иши жүргүзүлсө, бул окууга үн кошуу иретинде дале ыр жазылышы закон ченемдүү көрүнүш болмок, ал эми Мукай болсо, мындай фактыны өз көзү менен көрүп, күбө болгондон кийин жараткан. Себеби, Кеңеш өкмөтү эркиндик, теңдик боюнча жүргүзүп жаткан саясатын Мукайдын ички мүдөөлөрүн канааттандырып турган. Ошол үчүн ал эч кандай «түрткүсүз» эле кылчактабастан үгүт - насыят иштерин жүргүзүп, бул багытта жалындуу ырларын жазган. Анын ырлары «социалдык заказдан» улам эмес, акындын табигый чыгырмачылык эргүүсүнөн, ички толгонууларынан жаралганынан улам нукура поэзиянын касиеттерине эгедер болуп, элдин рухий суроо – талаптарына жооп берип, оозунан түшпөгөн ырларга айлангандыгын К.Маликов толкундануу менен эскерет: «Педтехникумда атайын хор
ийрими иштечү. Ошол ийрим мүчөлөрү көбүнчө Мукай чыгарган хорлорду үйрөнчүбүз. Кийинки жылдарда Мукайдын жыйнактарына чыгып жүргөн «Зарыгам», «Биздин жаштар», «Жумушчулар», «Маданият жаңырыгы» ж.б ырлардын Мукайдын өзү чыгарган, анан көпчүлүк жаштар ырдап жүргөн обону болоор эле. Мукайдын обону боюнча жалаң гана педагогия техникумунун ыр ийриминде эмес, шаардын көп жерлеринде ошол ырлар ырдалчу».

К.Маликовдун эскерүүлөрү узак-узак эпизоддордон турганы менен Мукайдын адамдык, акындык сапат белгилеринен туташ ички бүтүндүк билдире алат. Чыгармачыл личносттун жандуу, кандуу, образы көз алдыга элестейт, эскерүүдөн кайсы бир деңгээлде Мукайдын  акындык жолунун эволюциялык өсүшү көрүнөт. 1924-жылы жарыяланган «Зарыгамынан» тартып, студент кезиндеги изденүүлөрү, отузунчу жылдардын аяк ченинде коомдук турмуштан четтеп, жалаң чыгармачылык менен алек болуп калганы баяндалат.

К.Маликов бөлөк маселелерге караганда Мукайдын адамдык сапаттарын айтууга көбүрөөк токтолот. Себеби, ошол 20-30-жылдарда элдин сүйүктүү акыны болгон Мукайдын көпчүлүк жарпын жазып сүйлөгөн куудул, куйкум сөздөрү, дегеле инсандык касиеттерине К.Маликов жаш кезинде кыйла таасирленгени ачык байкалат. Ушул эскерүүлөрдөн ошол мезгилдеги муундун таасирдүү лидерлеринин бири болгондугун, көпчүлүк жаштар анын

ырларынан сабак алышканы эскерүүдөн ачык көрүнөт. Өзгөчө педтехникумдун студенттери Мукайдын сөзүн тыңшаганга куштар болгону, жолдошторун тамашалап мүнөздөмө берип ыр чыгарганы, бала кезин эскергенин жаштар кунт коюп угуп, анын сөзүнө суусап турушчу экен. Ошол педтехникумдагы, студент кездеги алган таасирлерин, эсте калган күндөрүн эскерет, мүнөзү, кылык-жоругу да ошол чоң турмуштан өйдө-ылдыйына, ачуу-таттуусуна аралаша элек жаш кезиндеги алган таасирлер боюнча эскерет. Караңгы элдин сабатсыздыгын жоюуга, аң – сезиминин өстүрүүгө Мукайдын ырлары кандай түрткү берип, көпчүлүк жаттап ырдап, ырхаттануу менен үйрөнгөндүгүн, өзү да жайлоого барып, элге үйрөткөндүгүн, Мукайдын ошол кездеги жаштардын ой- тилегин, жан-дүйнөсүн чагылдырган ырларын эл кандай сүйүп окугандыгын чындап берилип айтуу менен эскерет.

К.Маликов ошол жаш кездеги күндөрдү эскерүүдө Мукайды эч нерсесин бурмалабай, өзүнүн ролун жогорулатып, кошуп жазбай ошол маалдарда кандай жекече мамилеси болбогону айкын көрүнөт. К.Маликов ошол кезде Мукайдын ар бир сөзүнө ынтызаар болгон, аны кумир туткан жаштардын бири катары өзү уккан сөздөрүн, көргөн, күбө болгон окуялардын ошол калыбынан жазбай эскерүү жазып жаткан чакта да ага күйөрман болуп жазган. Себеби, Мукай өз ырларын жатка окуган таланттуу акын эле болбостон, артисттик шык-жөндөмү да бар чыгармачыл адам болгон экен. Педтехникумдун студенттеринин арасында анын жолдошторуна айткан азил - тамаша сөздөрү узун жомок болуп кеңири тараса, кийин театрдын сахнасынан эл алдына чыгып, көрөрмандардын сүйүктүү актеруна айлангандыгын К.Маликов төмөндөгүдөй эскерет: «Же болбосо кээде атайын концерт көргөзөөр элек. Ошол концертке арнап көчөлөргө жабыштырылган афишанын эң көрүнүктүү жерине «жаш куудул, акын Мукай Элебаев да катышат» деп бадырайта жазып койчубуз. Аны окуган көпчүлүк кечинде жумушчулар клубунун (Театралдык студия) үйүнө сыйбай, үйдүн айланасын дагы курчап кетишчү. Батпагандары терезеден да карап турушчу».

К.Маликов өз эскермесинде акындын чыгырмачылык өнөрканасына кирүүгө да аракет кылган. Ал туурасында минтип жазат: «Мукай ыр жазганда сол колу менен чекесин таянып, күңгүрөп ичинен ырдап отуруп жазаар эле. Жазгандарын өчүрүп,
кайрадан көчүрүүдөн талыкпаган да, ар бир сөзүн ойлонуудан эрикпеген да жазуучу эле. Мукай эч качан узун чыгарма жазууга умтулган адам эмес. «Айта турган оюм кайсыл жерден бүтсө, каламым дагы ошол жерден тыныгуу керек» дечү. Кээде айрым куплеттерди, адегенде ырдап алып, кагаз бетине түшүргөн учурлары эсимде. Маселен, 1930-жылы Ленин жөнүндө ырын баштаганда:

Кол жаңылып, тил жазып
Болгон эмес катасы,
Өзү жасап жетилткен
Октябрдын атасы…

деп айтып, махорканын күлүн кагып коюп, анан жазууга киришкени эсимде. Ошол ырдын баш – аягын кийин жазып, бирок, ушул кичинекей ыр үчүн бир жумадай убара болду окшойт».

Ушул бир үзүм эскерүүдөн Элебаевдин чыгармачылыкка кандай жооптуу мамиле жасап, өз алына жараша сапаттык талап коюп, ар бир чыгармасынын ийине жеткире ийлеп иштөөгө аракет кылганын, сөз менен иштөөгө өзгөчө көңүл бурганын ачыктан ачык эле көрүүгө болот. К.Маликов акындын ошол сапатын бөтөнчө белгилөө менен замандаш жазуучуларды үлгү алууга чакырып «Мукайдын сөзгө чеберчилигинен жана сараңдыгынан ушу бүгүн да далайыбыз үйрөнүүгө болот» деп жазган. Бул чындык экендигин, Элебаев жазуучулук маданиятка эрте жетишкен талант болгонун бүгүн адабият тарыхы да, эч кимге баш ийбеген мезгил сыны да көрсөтүп жатат. Ошол үчүн, «Узак жол», «Бороондуу күнү», «Бир болгон окуя», «Кыйын кезең» аттуу чыгармалары бүгүн да окулууда. Өзү кыргыз көркөм сөз өнөрүндө чыныгы туңгуч реалист жазуучу катары аталып калды. Адабиятта мындай орунга ээ болуш 20 – 30 - жылдарда калем кармап чыккандардын бардыгынын эле шыбагысына туш келген жок. М.Элебаевдин бир бактысы тартуулаган таланты болсо, экинчи бактысы, ал жашынан А.Пушкин, М.Лермонтов, Н.Гоголь, В. Белинскийлерди окуп калганы. Ал педтехникумда классиктерди кантип окуп жүргөнүн К.Маликов айрыкча көңүл буруу

менен эскерип жатпайбы. Буларга кошумча анын – эмгекчилдиги, изилденгичтиги. Мына ушул факторлор анын чыныгы жазуучу болуп чыгышын шарттаган.

**Колдонулган адабияттар**

1.О.Н. Белекопытова. «Семейная хроника», «Детские годы Багрова внука».
2.С.Т.Аксаков и проблема мемуарно-автобиографического жанра в русский литаратуре 40-50-х годов XIX в.. автореф. дис, к.ф.н.М.,1968;
3.Ж.А.Даниелян. Из истории армянской мемуарной литературы: автореф, дис.к.ф.н.-Ереван,1961;
4.Г.Г.Елизаветина. «Былое и думы» А.Герцена и русская мемуаристика XIXв.: автореф.дис.к.ф.н.-М.1972;
5.У.Т.Кожомахметов, Казахская мемуарная литаратура : автореф.дис.к.ф.н, Алма –Ата, 1966;
6.А.Кабилов. Жанр автобиографической повести в узбекской литературе: авторев. дис.к.ф.н.-Ташкент,1972;
7. Г.В,Орлова. Автобиографическая проза на рубеже двух эпох (к вопросу об эвалюции героя).:автореф,дис.к.ф.н.М.,1979.
8. Т.М.Колядич. Мемуарно - автобиографические произведение 70-х годов (проблематика и жанр): автореф. дис, к.ф.н., М.,1979.
9. Л.Я.Гинзбург.О писхологической прозе.-Л.:сов.писатель, 1971, с.Ю;
10.В.С.Барахов, Искусство литературного портрера.-М.: Наука,1976.с.12;
11. К.Маликов Замандаштарым жана каламдаштарым. Ф.:1985,37-6;
12. К.Маликов. Замандаштарым жана каламдаштарым.Ф.:1985,38-6;
13. Ошол эле китепте,39-6.